# Протокол № 3

А.Коёнкөзов атындагы № 18 Токтоян жалпы орто билим берүү мектебинин

Башталгыч класстардын усулдук бирикмесинин кезектеги жыйналышы болуп өттү.

6-декабрь 2022-жыл Токтоян айылы

Баардыгы: 5

Катышканы :5

Каралуучу маселелер :

1.Өз алдынча билим алуусунун үстүндө үзгүлтүксүз иш алып баруу

2. Өз ара сабакка катышуунун абалы

**Угулду:**

Биринчи маселе боюнча усулдук бирикменин жетекчиси Бекжанова Гүлзат башталгыч класстын окуучуларынын өз алдынча билим алуусун үстүндө үзгүлтүксүз иштөөлөрү боюнча билдирүү жасады .

1-2 –класстарда баалоо системасы бир жарым жылдыкта болбосо да окуучулар менен үзгүлтүксүз иштөөлөр болуп турду.

6- декабрда башталгыч класстарында « окуу керемети» долбоору алкагында аймактык семинар болуп өттү. Бул семинарда башталгыч класстардын мугалмидери жана китепканачы стратегияларды колдонуп ачык сабактарды жана класстан тышкаркы иштер боюнча семинар өтүлдү.

**1ª- класстын класс жетекчиси Орозалиева Анара эжей** мекен таануу сабагынан «Интерактивдүү окуу стратегиясын колдонуп, «Этият бол ! Өмүрүңдү сакта ! деген темада ачык сабак өттү. Мугалим окуучуларды 3 топко бөлүнгөн.Сабакта темага карата сүрөттөр илинген.Мугалим окуучуларга табышмак айтып мээге чабуул жасады.Табышмактын жандырмагынын негизинде окуучуларга суроолор берилди .Үйдө кандай коопсуз нерселер болушу мүмкүн ? үй ичиндеги буюмдардан эмнелер кооптуу деп ойлойсуңар ? Үйдөгү коопсуз жүрүү эрежесин айтып бергиле. Окуучулар доскадагы сүрөттөр боюнча иштешти. .Мугалим китептен тексти окуп берип ,окуучулар менен суроо жооп иретинде аңгемелешүү жүргүздү. Окуучулар топто иштешти. Ар бир топту мугалим смайликтер менен баалап турду. Сабак «жакшы» деп баланды .

**1ᵇ-класстын класс жетекчиси Дүйшөбаева Гүлзат эжей** математика сабагынан «Түшүндүрүү жана негиздөө» стратегиясын колдонуп «Он ичиндеги сандарды кошуу жана кемитүү» деген темада ачык сабак өттү. Сабакта сан шооласын колдонуп, окуучуларды 10 ичиндеги сандарды кемитип кошушту . Көрсөтмө куралды пайдаланып 10 ичиндеги сандарга карата маселе иштелди. Окуучуларды мугалим ооз эки баалапды .